КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**21-май 2026-жыл № 3** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Үч-Булак айылында жайгашкан жеке менчик жер тилкесинин максаттуу багытын өзгөртүү жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 20.05.2026-жылдагы № 01-6/123 сандуу каты, Кыргыз Республикасынын Жер кодекси, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө", "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө", "Экологиялык коопсуздук жөнүндө, Үч-Булак айылынын Т.Давранов көчөсүнүн тургуну Абдимомунов Шакир Сайдиллаевичтин жашап жаткан турак жай үйүнүн өз менчигиндеги 0,12га жер тилкесинен 105,6кв.м жер тилкесин коммерциялык багытын өзгөртүү максатында, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чабачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз III-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Үч-Булак айылынын Т.Давранов көчөсүнүн тургуну Абдимомунов Шакир Сайдиллаевичтин жашап жаткан турак жай үйүнүн өз менчигиндеги 0,12га жер тилкесинен 105,6кв.м жеринин максаттуу багыты турак жай багытынан коммерциялык багытка (магазин) өзгөртүү жагы жактырылсын.

2. Аталган 105,6кв.м жер аянтын багытын өзгөртүү боюнча документтер мыйзам талаптарына ылайык тиешелүү органдарга жөнөтүлсүн.

3. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана жер адис А.Акматкуловго милдеттендирилсин.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чабачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.О.Оморов**